ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 130,2 (575,2)(04)

**Ш.У. АЖЫБЕКОВ**
ЧУЙСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ С. МАМБЕТКАЛИЕВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E-MAIL: 4IKA -_-96@ MAIL. RU
**SH.U. AZHYBEKOV**
CHUI UNIVERSITY NAMED AFTER S. MAMBETKALIYEV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
E-MAIL: 4IKA -_-96@ MAIL. RU

***E.mail. ksucta@elcat.kg***

## А. ОСМОНОВДУН ОБРАЗЫ КИНОДО, ӨЗДҮК КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ТЕАТР САХНАСЫНДА

## ОБРАЗ А.ОСМОНОВА В КИНО, ТЕАТРЕ И ХУДОЖЕСТВЕННО-САМОДЕЯТЕЛЬНОМ ТВОРЧЕСТВЕ

## A.OSMONOV'S IMMORTAL IMAGES IN CINEMA, AMATEUR PERFORMANCES AND THEATER STAGE

*Макалада А.Осмоновдун көп кырлуу талантына чыгармачыл адамдардын кызыгуусун талдоо менен акындын чыгармачылыгынын таасири кино, театр ишмерлигинде гана эмес азыркы мезгилге чейин мектеп окуучуларынан баштап, өздүк көркөм чыгармачылыгындагы топтор тарабынан уюштурулуп, акындын образы өлбөс-өчпөс поэзиясы менен кошо сахнада жашап келе жатканына кеңири токтолгон.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *аяр мамиле, сокур намыс, көз акысы, "ажалды жеңген акын", трагедиялуу жагдайлар, философиялык маңыздагы пьеса.*

*В статье расскрывается интерес людей к многостороннему таланту поэта и влияние творчества Алыкула на кино и театральную сферу. Кроме того. автор остановился на создании образа поэта в бессмертный поэзии на театральной сцене учащимся школ и группами художественной самодеятельности.*
***Ключевые слова:*** *бережное отношение, совестливый, плата за смотрины, "поэт, который победил смерть", трагические ситуации, философское содержание пьесы.*

*People's interest to the poet's diversified talent and influence of Alykul' works on cinema and theater sector are exposed in the article. Besides, the author fixed on the creation of poet's image the immortal poetry by pupils and amateur performance groups at the theater stage.*
***Key words:***_*careful attitude, conscientious, show fare, "the poet who won the death", tragic situations, philosophic content of stage play".*

Алыкул Осмоновдун көп кырлуу талантына таазим кылган чыгармачыл инсандардын кызыгуусу күндөн-күнгө өсүүдө десек жаңылышпайбыз. Бүгүнкү күндө кыргыз маданиятынын өсүп-өнүгүшүндө Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгынын таасири жалпы искусствонун музыка багытында гана эмес, акындын талантына таазим кылып, анын образын чагылдыруу кино, театр ишмерлигинде да күчөп, ал тармактарда белгилүү инсандар тарабынан акын тууралу көптөгөн чыгармалар жаралып келе жатат.

Кино тармагындагы чыгармаларга токтоло турган болсок, алгач ал чыгармалардын ичинен мурунку убактарда тартылган, кино өнөрүндө белгилүү М. Убукеевдин "Акын" даректүү тасмасы, кинорежиссер Л. Турусбекова тарткан эки бөлүмдүү "Акын" даректүү

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

тасмасы, режиссер М. Убукеев тарткан “Ак Мөөр” телефильми, кинорежиссер жа... сүрөтчү, Кыргыз Республикасынын эл артисти, А. Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты С. Ишеновдун “Толубай сынчы” жана “Акын” мульттасмаларын атай кетсек болот.

А. Осмоновдун образын тасмага чагылдыруу идеясы 1968-жылы кинорежиссер, Кыргыз Республикасынын эл артисти М. Убукеевдин түн уйкусун алып, сценарийин жазып жана кадр артындагы текстин да орус тилинде угум-басымын ажарына чыгарып өзү окуп “Акын” аттуу даректүү тасманы тарткан [1. 32-бет].

Акын жөнүндөгү аталган бул тасма тууралу белгилүү Алыкул таануучу П. Казыбаев “Мезгил жана Алыкул” аттуу китебинде төмөнкүчө токтолгон: “Таланттуу режиссер М. Убукеев 1968-жылы тарткан “Акын” аттуу документтүү фильм учурунда бир топ ийгиликке жетишкен. Тактап айтканда, Орто Азия жана Казакстан кинематографисттеринин 1969–жылы Алма-Атада өткөрүлгөн 8-кароо мелдешинде М. Убукеевдин режиссердук мээнети диплом менен белгиленет. Бул режиссердун өзгөчөлүгү сценарийди өзү жазганы жана текстти кыраатына келтире орус тилинде көркөм окуганында эле. “Өлбөстүккө жанашуу” (“Прикосновение к вечности”) аттуу көркөм публицистикалык тасмасында да Алыкулга жасаган таазими, аяр мамилеси анык туюлуп турат” [3. 35-бет].

Автордун бул даректүү фильмди тартуу менен өзүнүн акынга болгон сүйүүсүн жана анын талантын баалай билгендигин экран аркылуу көрүүчүлөргө так жана жеткиликтүү жеткире алгандыгынан да түшүнсөк болот. Автор фильмде режиссер-сценарист катары А.Осмоновдун образын, ал жөнүндөгү түнт, жалгыздыкты жактырган деген пикирлерге каршы, акынды ойчул, чынчыл, адилдик жана калыстыкты кашкая айткан таланттуу, ачык-айрым мүнөздүү адам экендигин көрсөтүү менен өздүк режиссердук оюн ишке ашырган.

1983-жылы Кыргыз Республикасынын эл артисти, кинохудожник С. Ишенов Алыкулдун чыгармаларын аздектеп, кадырлаган күйөрмандардын бири катары акынга өз кино эстелигин койду. Алардын бири “Толубай сынчы” мульттасмасы. Бул мульттасмада тээ атам замандан бери эле сүрөткер менен сокур намыстуу, төрөпейил түркөйлүктүн кайнаса каны кошулбастыгы тастыкталат. Көз акысына алган тулпарды таптаган Толубай астына баланы өңөрүп, артына нечен күлүктөрдү маскара кыла зымырап кетип баратканын тарткан режиссер поэмага өзүнчө ой кошкону байкалат. Анткени, ата өнөрү балага берилип, муундар мурасы мунарыктаган замандарды калтырып бизге жеткен эмеспи.

С. Ишеновдун мультулпарынын дүбүртү союздук эле эмес, чет элдик экранда да даана угулду. Мультипликациялык фильмдердин Парижде өткөрүлгөн бүт дүйнөлүк биринчи фестивалында “Толубай сынчы” – атайын диплом менен сыйланган. Француз телевидениеси сатып алган советтик алты мультфильмдин ичинде кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын үлгүсүндө тартылган тасманын болушу улуттук киноөнөрүнүн сыймыгы болуп кала берди.

Көзү гана эмес, көөдөнү да сокурлардын айынан Толубай сынчы окшогон сүрөткерлердин канчасы бул дүйнөдөн кайып болуп өттү. Эл оозунан жыйнап, эки түрдөгү поэма жазган А.Осмоновдун таасиринде 1983-жылы тартылган бул тасма ушул ойду өз дараметинче толук ырастайт.

С. Ишенов “Толубай сынчыда” таланттын тагдыры эл тагдыры менен айкалышканда гана түбөлүктүү болот деген оюн кийинки, А. Осмоновдун турмушунун негизинде тарткан “Акын” аттуу мультфильм тасмасында улантkan.

Эки бөлүмдөн турган “Акын” тасмасында да биринчи фильмдеги: таланттын тагдыры эл тагдыры менен айкалышканда гана түбөлүктүү болот деген ой андан ары улантылып, өлбөстүк ааламында жашаган Алыкулдун образы аркылуу кылымдан кылымга оомал-төкмөл агымда келаткан кыргыз турмушу менен тарыхынын окуялары

балдардын кабылдоосуна ылайык бир бүтүн алкакта таасын да, элестүү да тизмектелип өтөт” [4.347-б].

1990-жылы кинорежиссер, КР искусствосуна эмгек сиңирген ишмер Л. Турусбекова Алыкулга арналган “Акын” документтүү тасмасын К. Жусуповдун сценарийи боюнча тарткан. Бул тасма ошол эле жылы “Алыкул-75” мааракесине карата Кыргыз кино үйүндө көрүүчүлөргө биринчи мертебе көрсөтүлгөн. Ошондогу экранга чыгарылган тасмадагы көрүүчүлөрдүн купулуна толо жеткирилген сюжеттерден кийин, акындын А.Токтомушев баштаган ж.б. замандаштары өздөрүнүн жаш кези, кыргыз совет адабиятынын башталыш мезгили жана А. Осмоновдун поэзиясы тууралуу кеңири эскеришип, ой бөлүшүп тарашкандыгынан эле аталган тасманын жогорку деңгээлде тартылганын түшүнсөк болот. Бул тасманын сценарийи Кыргыз эл жазуучусу, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, “Ыр сабындагы өмүр” китебинин автору, 40 жылдан ашык убактысын Алыкул таануу илимине арнаган, акындын өмүр жолун жана чыгармачылыгын терең билген белгилүү инсан К. Жусупов тарабынан чыныгы талант ээсинин образы көрүүчүлөр үчүн жеткиликтүү талданып жазылган.

2012-жылы П. Казыбаевдин “Мезгил жана Алыкул” чыгармасынын негизинде, журналист, жаш кинорежиссер А. Чотуева, сүрөтчү-коюучу О. Абсатаров, башкы оператору С. Абдыжапаровдор тарабынан тартылган “Мезгил жана Алыкул” аттуу кинотасмасы өзүнүн мазмун-мааниси менен гана эмес айрым көркөмдүк деңгээли менен көптөгөн көрүүчүлөрдүн эсинде калды.

Бул кинотасма Алыкулдун өмүр жолундагы анын чыгармачылыгында жана сүйүүсүндө болгон кызыктуу окуялар менен акындын образын көрөрмандарга жакын тааныштырат. Окуянын өнүгүшү акындын бой жеткен кезине жана жеке тагдырына байланыштуу жагдайлар менен көрсөтүлөт. Тасмада Алыкулдун ролун Ч. Мамаев, Айдайдын ролун Н. Бердигулова жана Зейнептин ролун Г. Асановалар жеткиликтүү аткарууга жетишкен.

2014-жылы А. Чотуеванын сценарийи боюнча, акынга арналып “Алыкул” даректүү тасмасы тартылган. 2015-жылы П. Казыбаевдин сценарийинин негизинде А. Осмоновдун чыгармачылык өмүр жолунан алынган даректүү тасманы “Кыргызфильм” студиясынын көмөгү менен режиссер Т. Ибраимов тартып көрүүчүлөргө тартуулады. Тасмада акындын ата-энесинен жетим калып, Токмоктогу балдар үйүндө чыныгы энелик мээримге бөлөп өстүргөн орус эне Грунья Савельевнадан алган тарбиясынан баштап, акындын алгач чыгармачылыгы жана балалык күндөгү ыр саптарындагы эскерүүлөрү даректүү негизде экранга жетиштүү деңгээлде чагылдырылган. Аталган тасма Түркияда өткөрүлгөн кинофестивалдын жеңүүчү дипломуна ээ болду.

Алыкулдун талантын аздектеген чыгармачыл адамдар жана азыркы мезгилге чейин мектеп окуучуларынан баштап өздүк көркөм чыгармачылыгындагы топтор тарабынан уюштурулуп, акындын образы өлбөс-өчпөс поэзиясы менен кошо сахнада жашап келе жатканын ар жыл сайын жер-жерлерде өткөрүлгөн акындын туулган жана өлгөн күндөрүндөгү эскерүү поэзия кечелеринен дагы билебиз.

Ошону менен бирге кыргыз элине белгилүү драматургдар тарабынан дагы Алыкулдун чыгармачылык жана жашоо турмушу жөнүндө аяк учу үзүлбөгөн драмалык чыгармалар жаралып, театр сахнасы аркылуу элибиздин кароосуна тартууланып келе жатат. Аларга токтолсок: драматург жана акын К. Мамбетакуновдун “Акын жана ажал” аттуу эки бөлүмдүү лирикалык драмасы, жазуучу, акын М. Сейталиевдин “Алыкулга гүлдесте” аттуу поэтикалык драмасы, драматург Б. Калчабаеванын “Аян” спектакли. Ушундай эмгектердин катарына менин журтчулукка кыргыз радиосу аркылуу угузулган “Ак бейит” жана “Ырлардан өмүр уланат” аттуу драмалык чыгармаларым кирет. 1987-жылы акын, драматург К. Мамбетакунов Алыкулдун жаркын элесине арнап, “Акын жана ажал” лирикалык драмасын жазган, аталган драма ошол эле жылы 9-майда алгач КМАДТнын сахнасында коюлган. Драматург К. Мамбетакунов чыгармасында туура ыкмаларды таап, айтаар ой-максатына толук жеткен [1. 29-бет].

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Көрүүчү журт тарабынан жылуу кабыл алынган бул драма туурасында басма сөз бетинде эң алгач пикир айткандардын бири жазуучу, сынчы, философия илимдеринин кандидаты Д. Казакбаев болгон. Ал ошол жылдын 21-майында "Ленинчил жаш" гезитине жарыяланган "Ажалды жеңген акын" деген макала рецензиясында Алыкулдун өмүрүн сахнада чагылдырууга белсене киришкен таланттуу драматургдун аракетин кубануу менен төмөнкүдөй белгилеген: "Акын Ажал менен арбашып, жаны үзүлөөр алдында, ага түбөлүккө өздөрү менен бирге катар жүрүүгө кол сунушуп, сахнанын төрүнөн улуу Шекспир, Пушкин, Руставели келишти. Улуу алп-генийлер Алыкулга таазим этишти!.. Акындын өлүмүнүн адилетсиз экендигин жокко чыгаргандай, асман күрүлдөп, чагылган чарт-чурт жарылып, өңү кара кочкул тартып Ысык-Көл албууттанып толкуп-ташыды... Чынында Алыкул өлгөн жок. Анын элеси сахнадан чоң полотнодо жадырап чыга келди. Жалпы ой жүгүртүп, сереп салып жыйынтыктасак: оорулуу, жалгыз жашаган таланттуу акындын образын ушундай шарттуу символдоштурулган Ажал менен Муза сыяктуу каармандарды кошуп киргизүү аркылуу гана жаратууга болор эле"[2. 6-б].

Автор бул чыгармасында акындын ажал менен арбашып, өлүм алдында түбөлүктүү өчпөс ыр саптарын жаратып, ажалга тирүүчүлүк өмүрүндө убактылуу баш бербесе да акын ыры менен түбөлүктүү жашай берет деген оюн көрүүчүлөргө жеткире берген.

1990-жылы "Акын жана Ажал" Кыргыз Республикасынын эл артисти, режиссер И. Рыскулов тарабынан иштелип чыгып, Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрынын сахнасында коюлуп, жаңыча изденген улуттук театр турмушундагы көрүнүктүү окуя болуп калган эле.

Анда акындын ролун М. Алышбаев, Музаны Ж. Сейдакматова, Грунья Савельевнаны Н. Исмаилова, Ажалды М. Мамбетов психологиялык табылгаларга басым жасоо менен чоң чеберчиликте аткарып чыгышкан.

1990-жылы жазуучу, акын М. Сейталиевдин "Алыкулга гүлдесте" поэтикалык драмасын жазган. Ал драма А.Осмоновдун 75 жылдыгына карата К. Жантөшев атындагы Ысык-Көл драма театрында чоң ийгилик менен коюлган. Оюнду сахнага чыгарган режиссер О. Айдаров, Алыкулдун образын түзгөн артист К. Осмонов.

Кийин О. Айдаров ушул эле спектаклди "Учур" телетеатрынын сахнасында жаңы көркөм табылгалар менен койгон. Алыкулду таланттуу жаш артист Ч. Мамаев ойногон.

1995-жылы драматург, А. Осмонов атындагы сыйлыктын лауреаты Б. Калчабаеванын "Аян" аттуу драмалык чыгармасын жазган. Аталган чыгарма ошол эле жылы А. Осмоновдун 80 жылдыгына карата режиссер А. Сарлыкбеков тарабынан Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз Улуттук академиялык драма театрында сахналаштырылып, көрүүчүлөр тарабынан жакшы баага ээ болгон. Бул акындын өмүрүндөгү жеңиштүү жана трагедиялуу жагдайларды азыркы адамдардын жеке тагдыр, көйгөйлөрү менен бир тутумда чечмелеген философиялык маңыздагы пьеса.

2014-жылы А.Осмоновдун 100 жылдыгына карата "Ак-Бейит" аттуу менин адабий-драмалык чыгармам боюнча кыргыз радиосу аркылуу белгилүү кыргыз артисттеринин аткаруусунда радио угуучуларга тартууланды. Чыгармада улуу акын А. Осмонов эл арасынан жазып алып, калтырып кеткен "Ак-Бейит" окуясы жөнүндө уламыштын тарыхый чындыгы улантылган. 2015-жылы А.Осмоновдун 100 жылдыгына карата "Ырларда өмүр уланат" аттуу менин адабий-драмалык чыгармам боюнча радиотеатр уктуруусу кыргыз радиосу аркылуу радио угуучуларга тартуулады. Чыгармада элге белгилүү залкар акын А. Осмоновдун өмүрүндөгү урунттуу айрым учурлар камтылган.

**Адабияттар тизмеси**


1. Ажыбеков Ш. Алыкулдун Ак боз ат, аалам кезип баратат / [Текст]: Илимий директүү баян / Ш. Ажыбеков. - Бишкек: Нур-Ас, 2014. - 92 б.
2. Казакбаев Д. Ажалды женген акын [Текст] / Д. Казакбаев // "Ленинчил жаш" гезити. - 21-май 1987. - 6-б.

3. Казыбаев П. Мезгил жана Алыкул [Текст] / П. Казыбаев. - Бишкек: Бийиктик, 2006. – 289 б.

4. Тентимишев М. Алыкул энциклопедиясы [Текст]: Адабий-популярдуу баян / М. Тентимишев. –Б.: Салам, 2015. - 780 б.